## Алиппе сабагынан тапшырмалар:

### Үлгү ырлар


(1864–1933)

Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде.
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмактын көркү жемеде.

Эчкинин көркү — төл менен,
Эгиндин көркү — жер менен,
Эликтин көркү — төр менен,
Эр жигит көркү — эл менен.

Бирдин көөнүн оорутуп[1],
Кетпегиле, балдар ай.
Түбү кандай болушун,
Эстегиле, балдар ай.

Жаман адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт.

*Токтогул*

---

[1] **Көөнүн оорутуп —** көңүлүн оорутпа

## Кожомкул балбан

Баракан байдын төөсү сазга батып, жыгылып калат.

Төөсүнө кейиген Баракан байдын чый-пыйы чыгат. Ал жигиттерине карап:

— Кумурскадай жайнап жүрүп эртеден бери төөнү саздан чыгара албай койдуңар. Күчүңөр ашка эле чыккан арам тамактар турбайсыңарбы! — деп наалыйт. Ошол маалда Кожомкулду көрө коюп сүйүнүп кетет да:

— Кана, балбан, мобул төөмдү баткактан чыгарып берчи — деп калат.



Аттан түшүп басып келип, төөнү өркөчүнөн кармап копшоп-копшоп коёт. Сазга баткан төө бир аз бошой түшөт. Карап турган адамдар кыл аркан менен чырмап байлап жиберишет. Кожомкул чирене тартканда, төө «бурк» этип саздан сыртка чыкты. Балбандын күчүнө ыраазы болгон көпчүлүк ага ак тилек каалашты.

Баракан бай сүйүнгөнүнөн Кожомкулдун үстүнө чепкен жаап тыр.

*Ш. Кулуев*

1. Эмне себептен Баракан бай наалыды? Себебин айт.
2. Сенин балбан болгуң келеби? Эмне үчүн?

**Тапшырма:** Аңгемени көркөм оку, өз сөзүң менен айтып бер.

**Ат сыйлаган жөө баспайт**

Тердик, желдик, көрпөчө,
Тизгин, суулук, жүгөн дейт.
Ак каңкы ээр, басмайыл —
Ат жабдыгы түгөнбөйт.



Ашкан күлүк ат мына,
Арпа берип баккыла.
Жал куйругун түргөн соң,
Жибек жабуу жапкыла.

Көмөлдүрүк каткыла,
Куюшканды таккыла.
Үзөңгүнү чире тээп,
Күндү көздөй чапкыла.

*А. Рыскулов*

1. Теманын аталышын кандай түшүндүң?

**Тапшырма:** Ат жабдыктарын ата, эсиңе сакта.